DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2022

*Курманкулов Ш.Ж., Таштанбекова Т.Т., Назарбаева Н.Ш.*

# ОКУУЧУЛАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧАЛУУЛУГУН ӨСТҮРҮҮГӨ КАРАТА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН АНЫКТООЧУ ЭКСПЕРИМЕНТ

*Курманкулов Ш.Ж., Таштанбекова Т.Т., Назарбаева Н.Ш.*

# ОПРЕДЕЛЯЮЩИЙ ЭКСПЕРИМЕНТ ПРОВЕДЕННЫЙ НА РАЗВИТИЕ САМОСТОЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ

*Sh. Kurmankulov, T. Tashtanbekova, N. Nazarbaeva*

# THE DEFINING EXPERIMENT CONDUCTED ON THE DEVELOPMENT OF STUDENTS' INDEPENDENCE

*УДК: 372.853. (575.2) (043.3)*

*Бул макалада окуучулардын өз алдынчалуулугун өстүрүүнүн негизинде алардын чыгармачыл ой-жүгүртүүлөрүн калыпдандыруу, аң-сезимдүү активдүүлүгүн камсыз кылуу жана акыл-энергетикасын өстүрүү бүгүнкү күндөгү мугалимдердин иш аракетинин негизги багытынын бири катары каралган. Окуучулардын өз алдынча билим алууга болгон көнүгүүсүн калыптандыруу болочок студенттердин сапаттуу билим алуусуна шарт түзөрү белгиленген. Физиканы окутууда окуучулардын өз алдынчалуулугун өркүндөтүү боюнча илимий ишти жүргүзүү үчүн мектеп мугалимдеринин ага карата болгон иш аракеттерин анализдөөгө байланыштуу аныктоочу эксперимент жүргүзүлгөн жана жыйынтыгы берилген. Анын негизинде окуучулардын физиканы окууга болгон кызыгуусунун абалы, окуучулардын өз алдынчалуулугун кандай деңгээлге чейин өстүрүүгө боло тургандыгынын божомолу аныкталган. Ошондой эле мектеп мугалимдеринин пикиринде окуучулардын өз алдынчалуулугун өстүрүүгө карата таасир берүүчү иш-аракеттердин рейтинги берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *активдүүлүк, окутуунун технологиясы, билим берүү стандарты, инновация, компетенттүүлүк, чыгармачылык, кызыгуу, иш-аракеттер, өз алдынчалуулук, сурамжылоо, өстүрүү, өнүктүрүү, ой-пикир.*

*В данной статье рассматривается формирование у учащихся творческого мышления, обеспечение сознательной активности и развитие их умственной энергетики на основе развития их самостоятельности, как одного из основных направлений деятельности современных учителей. Было отмечено, что формирование навыков самостоятельного обучения позволит будущим студентам получить качественное образование. Для проведения научной работы по совершенствованию самостоятельности учащихся при обучении физике был проведен диагностический эксперимент, в связи с анализом действий школьных учителей по отношению к нему и представлены результаты. На основании этого определяется состояние интереса учащихся к изучению физики, прогноз того, до какого уровня можно развивать самостоятельность учащихся. Также представлен рейтинг действий, влияющих, по мнению учителей школ, на развитие самостоятельности учащихся.*

***Ключевые слова:*** *активность, технология обучения, образовательный стандарт, инновация, компетентность, творчество, интерес, деятельность, самостоятельность, опрос, рост, развитие, мнение.*

*This article examines the formation of creative thinking in students, the provision of conscious activity and the development of their mental energy based on the development of their independence, as one of the main activities of modern teachers. It was noted that the formation of self-study skills will allow future students to receive a quality education. To carry out scientific work to improve the independence of students in teaching physics, a diagnostic experiment was carried out, in connection with the analysis of the actions of school teachers in relation to it, and the results are presented. On the basis of this, the state of interest of students in the study of physics is determined, a forecast of the level to which students' independence can be developed. It also provides a rating of actions that, in the opinion of school teachers, affect the development of students' independence.*

***Key words:*** *activity, teaching technology, educational standard, innovation, competence, creativity, interest, activity, independence, survey, growth, development, opinion.*

Бүгүнкү күндө мугалимдердин иш аракетинин негизги багыты, бул бир гана калыптанып калган салттуу окутуу ыкмаларын колдонууну ийгиликтүү өздөштүрүү эмес, аны менен кошо ар түрдүү инновациялык ыкмаларды пайдалануу менен, окуучулардын чыгармачыл ой-жүгүртүүлөрүн калыпдандыруу, аң-сезимдүү активдүүлүгүн камсыз кылуу менен алардын акыл-энергетикасын өстүрүүнүн негизинде өтүлүүчү сабак темасынын мазмунун натыйжалуу өздөштүрүүгө багыттоо болуп саналат. Бул иш багыттын негизги компоненттеринин бири катары окуучулардын өз алдынчалуулугун өстүрүү деп санайбыз [1]. Ошондой эле окуучулардын өз алдынчалуулугу негизги критерий катары зарыл экендиги, акыркы муундагы, компетенттүүлүккө багытталган мамлекеттик билим берүү стандартында дагы кеңири берилген [2]. Айрыкча предметтик эмес, жалпы компетенттүүлүк компоненти окуучулардын өз алдынчалуулугунун негизинде калыптануусуна басым жасалган. Окуучуларды компетенттүүлүккө багыттап окутууда окуучулардын өз алдынча билим алуусу, өз алдынча иштерди аткаруусу, анын ичинде проекттик (долбоорлук), изилдөөчүлүк иштерди аткарууга көнүктүрүү мыйзам ченемдүү көрүнүш катары кароо белгиленүүдө [3].

Окуучулардын өз алдынчалуулугун өнүктүрүүнүн ар кандай жолдору көптөгөн илимий макалаларда айтылууда, анын бири катары, көрсөтүлгөн макаланын автору [4, 114-б.], «Маалыматтык окутуу технологиясын колдонуу окуучулардын окууга болгон мотивациясын жогорулатууга, көрүп эс тутуусун активдештирүүгө, *өз алдынчалуулугун өстүрүүгө,*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



окутуу жыйынтыгын баалоону объективдүүлүгүн камсыз кылууга жана ар бир окуучунун жеке иштөө көндүмдөрүн калыптандырат» - деп белгилеген. Орто мектепти бүткөн абитуриентердин жогорку окуу жайларда студент болуусунда, алардын мектептен алган, өз алдынча сабак өздөштүрүү көндүмүнүн жоктугу студенттердин өз алдынча берилүүчү иштерди аткарууда эбегейсиз терс таасирин тийгизүүдө. Ошондуктан ЖОЖдордо [5, 117-б.]: «Бүгүн окутуучуларга студенттерди өз алдынча иштей билүү ыктарына, усулдарына үйрөтүү, аларга орундуу талап коюу жана көмөктөшүү милдети тагылууда» - деп айтылган. Жогорудагы жазылгандардын негизинде окуучулардын өз алдынчалуулугун өстүрүү жана өнүктүрүү бүгүнкү күндөгү билим берүүнүн негизги жана актуалдуу проблемалардын бири экендигин белгилей кетсек болот.

Биз тараптан физиканы окутууда окуучулардын өз алдынчалуулугун өркүндөтүү боюнча илимий ишти жүргүзүү алдында мектеп мугалимдеринин ага карата болгон иш аракеттерин анализдөөгө байланыштуу аныктоочу эксперимент жүргүзүлдү. Физика предмети табигый илимдердин катардагы бири болгондуктан бул маселе боюнча физик мугалимдери гана эмес башка табигый предметтен сабак берген мугалимдердин дагы ой-пикирин билүү маанилүү экендигин эске алуу максатка ылайыктуу. Ошондуктан жалпы пикирде аныктоочу экспериментте химия, биология жана география предметтик мугалимдери камтылды. Аныктоочу экспериментке бардыгы болуп Ош шаарынан, Кара-Суу жана Чоң-Алай райондорунан 63 мугалим катышты, сурамжылоого катышкан мектеп мугалимдеринин предмет, эмгек стажы жана аял-эркек белгиси боюнча бөлүштүрүлүүсү биринчи, экинчи жана үчүнчү таблицада берилди. Алардын ичинен 3 мугалим тиешелүү предметке адис эмес экендиги, б.а. өз адистиги болбогон физика жана химия предметинен сабак берип жаткан мугалимдер экени белгилүү болду.

*1-таблица*

**Сурамжылоого катышкан мугалимдердин предмет боюнча бөлүнүүсү.**

| Предметтик мугалим | Физик | Химик | Биолог | Географ | Адис эмес мугалим |
|---|---|---|---|---|---|
| Алардын саны | 21 | 17 | 12 | 10 | 3 |

*2-таблица*

**Сурамжылоого катышкан мугалимдердин эмгек стажы боюнча бөлүнүүсү.**

| Предметтин аталышы | Эмгек стажынын жылдары | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 3 жылга чейин | 4-7 жылга чейин | 8-20 жылга чейин | 21-30 жылга чейин | 30 жылдан ашык |
| Физика | 2 | 4 | 10 | 3 | 4 |
| Химия | - | 5 | 7 | 3 | 3 |
| Биология | 1 | 2 | 5 | 2 | 2 |
| География | - | 1 | 4 | 2 | 3 |
| **Жалпысы:** | 3 | 12 | 26 | 10 | 12 |

*3-таблица*

**Сурамжылоого катышкан мугалимдердин аял-эркек белгиси боюнча бөлүнүүсү.**

| Жынысы | Предметтик мугалимдер | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Физик | Химик | Биолог | Географ | Жалпы: | Проценттери |
| Аял | 20 | 16 | 11 | 7 | 54 | 85,7 |
| Эркек | 3 | 2 | 1 | 3 | 9 | 14,3 |
| | 23 | 18 | 12 | 10 | 63 | - |

Таблицада берилген маалыматтар боюнча төмөнкүлөрдү белгилеп айтууга болот. Диссертациялык тема физиканы окутууга байланыштуу болгондуктан, көбүнчө физик мугалимдерди сурамжылоо аракети болду. Ошондуктан алардын саны башка предметтик мугалимдерге караганда көбүрөөк болгонго аракет жасалды. Эмгек стажы 3 жылга чейинки мугалимдер жаш мугалим адистердин катарын толуктайт эмеспи. Булардын саны көңүл жылытаарлык эмес, башкача айтканда мугалимдик адисти бүтүргөн жаш адистердин арасында мектепке барып иштегиси келгендер дээрлик аз экенин айтууга болот.

Бул сан сурамжылоого катышкандардын болгону 4,7% түзүштү. Табигый предметтерди окутууда

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



окуучулардын өз алдынчалуулугун өркүндөтүү боюнча аныктоочу экспериментти аткарууда мектеп мугалимдерине төмөнкү 5 суроо жооптору менен даярдалды. Даярдалган суроолордун туура деп эсептеген жоптордун тушуна белги кою сунушу менен анкеталык сурамжылоо бланкасы мугалимдерге берилди.

***1-суроо.*** *Сиз буга чейин окуучуларды сабактагы жаңы өтүлүүчү материалды өз алдынча өздөштүрүүсүн талап кылгансызбы?*

**А)** Жок___ **Б)** Ооба _____ **В)** Кээде гана____

***2-суроо.*** *Кандай учурда же кырдаалда окуучуларга өз алдынча окуу иштерин жасоого талап кылгансыз***?**

**А)** Жаны теманы өздөштүрүүдө_______

**Б)** Өтүлгөн теманы бышыктоодо______

**В)** Үй тапшырмасын аткарууда_______

**Г)** Жекече тапшырма берүүдө________

**Д)** Өз алдынча окуу ишин аткарууну талап кылган эмесмин_________

***3-суроо***. *Балдардын физиканы (табигый предметтерди) окууга болгон кызыгуусу кандай абалда?*

**А)** Кызыккандар аз_______

**Б)** Кызыккандар көп эле______

**В)** Кызыккандар жыл өткөн сайын азайып баратат_____

**Г)** Кызыккандар жыл өткөн сайын көбөйүп баратат______

***4-суроо.*** *Сиздин оюңузча окуучулардын өз алдынчалуулугун кандай деңгээлге чейин өстүрүүгө болот деп ойлойсуз?*

**А)** Толук өз алдынчалыкка чейин_______

**Б)** Жарым- жартылай _______

**В)** Кичине анча-мынча гана __________

**Г) Ө**з алдынча окуша албайт_________

**Д)** Билбейм____________

***5-Суроо.*** *Физиканы (табигый предметтерди) окутууда кандай иш аракеттердин негизинде окуучулардын* ***окуу иштерин өз алдынча аткаруусун*** *ишке ашырууга болот деп ойлойсуз жана алардын таасири канчалык? Иш аракеттер таасирин белгилөө* ***1-столбикке*** *коюлат, таасир этүү даражасы* ***1,2,3,4,5*** *цифралар менен* ***2-столбикке*** *коюлат. Эгер:*

***«5» – абдан таасирлүү болсо,***

***«4» – жакшы эле таасир этсе,***

***«3» – орточо таасири бар болсо,***

***«2» -кичине, анча-мынча таасири бар болсо,***

***«1» – таасири жокко эсе болсо.***

| № | Таасир этүүчү иш аракеттердин аталышы | Таасир берет | Таасир этүү даражасы |
|---|---|---|---|
| 1. | Окуучуларды жаңы материалды өз алдынча өздөштүрүүгө психологиялык жактан даярдоо менен. | | |
| 2. | Окуучуну өзүнүн ой-пикирин ырattуу баяндоого үйрөтүү менен. | | |
| … | | | |
| 18. | Таасир этүүчү факторлордун аталыштары 8-таблицада толук жазылды… | | |
| | ***Эскертүү:*** *Сиз манилүү деп эсептеген иш-аракеттер болсо аны акыркы бош жерлерге кошсоңуз болот.* | | |

Эскертүүдө берилген созгө карата калтырылган бош орунга бир дагы мугалим өз оюн жазып, иш аркеттин аталышын кошкон жок. Биринчи суроо боюнча мугалимдердин берген жоопторунун жыйынтыгы 4-таблицада берилди.

*4-таблица*

**Мугалимдердин окуу материалын окуучулар өз алдынча өздөштүрүүсүн талап кылуу жыйынтыгы**

| Суроо жообу | Предметтик мугалимдер | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Физика | Химия | Биология | География | Жалпысы | % катышы |
| Ооба | 3 | 2 | 2 | 2 | 9 | 14,3 |
| Жок | 16 | 13 | 7 | 6 | 42 | 66,7 |
| Кээде гана | 4 | 3 | 3 | 2 | 12 | 19,0 |
| **Жалпысы:** | 23 | 18 | 12 | 10 | 63 | - |

Төртүнчү таблицанын материалынан окуучуларды сабактагы жаңы өтүлүүчү материалды өз алдынча өздөштүрүүсүн талап кылган мугалимдер 14,3%ды, талап кылбагандар 66,7 пайызды, ал эми кээ бир учурларда окуучуларды өз алдынча окуу материалын өздөштүрүүгө карата иш аракет жасаган мугалимдер 19,0%ды түзүштү. Чындыгында салттуу окутууда окуучуларга сабак материалын өз алдынча өздөштүрүү талабы дээрлик болгон эмес. Ошондуктан кээ бир чыгармачыл мугалимдер гана бул ыкманы колдонууга далалат кылып келишкен. Же болбосо кандайдыр себеп менен жаңы теманы өтүүгө убакыт болбой калганда өзүнөр окуп келгиле деп, бирок кийинки сабак учурунда ким аткарган аткарбаганын өтүлгөн теманы суроо учурунда текшерген мугалимдер болушкан. Системалуу түрдө окуучулардын окуу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



материалын өз алдынча өздөштүрүүсүнө карата иш дээрлик жүргөн эмес.

Экинчи суроодо, эгерде мугалимдер окуучуларга өз алдынча окуу материалын өздөштүрүүнү талап кылып, ага үйрөтүп жүргөн болсо, анда «*Кандай учурда же кырдаалда окуучуларга өз алдынча окуу иштерин жасоого талап кылгансыз?*» - деген суроого мугалимдердин берген жоопторунун жыйынтыгы 5-таблицада берилди.

*5-таблица*

**Окуучуларга өз алдынча окуу иштерин жасоого багытталган учурлардын маалыматы.**

| Берилген жооптордун мазмуну | Предметтик мугалимдер | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Физика** | **Химия** | **Биология** | **География** | **Жалпы** |
| Жаны теманы өздөштүрүүдө | 1 | 2 | 1 | 1 | 5 |
| Өтүлгөн теманы бышыктоодо | 4 | 4 | 1 | 4 | 13 |
| Үй тапшырмасын аткарууда | 10 | 9 | 4 | 3 | 26 |
| Жекече тапшырма берүүдө | 2 | 2 | 2 | 1 | 7 |
| Өз алдынча окуу ишин аткарууну талап кылган эмесмин | 6 | 4 | 4 | 3 | 17 |
| **Жалпысы:** | 23 | 21 | 12 | 12 | 68 |
| ***Талап кылган эместердин % дык катышы*** | 26,0 | 19,0 | 33,3 | 25,0 | 25,0 |
| ***Үй тапшырмасында аткаруу % дык катышы*** | 43,5 | 42,9 | 33,3 | 25,0 | 38,3 |

Химиядан бир гана мугалим 4 жоопту бир убакта белгилеген, демек ал мугалим чынында окуучулардын өз алдынчалуулугуна абдан чоң маани бергендигин көрүүгө болот. Ошондой эле географиядан дагы бир мугалим 3 жоопту белгилеген экен. Булардын бирөөсү ОшМУнун 2003-жылкы, экинчиси ОшМУнун 2002 жылкы бүтүрүүчүлөрү. Анкета анонимдик болгондуктан калган маалыматтарды билүүгө мүмкүн болгон жок. Таблицадан көрүнгөндөй мугалимдер өз алдынча иштерди аткарууну негизинен үйгө берилген тапшырма менен байланыштырышкан. Ошондуктан бул көрсөткүч 40 пайызга жакын болгон. Ошондой эле өтүлгөн теманы бышыктоо окуучуларга белгилүү убакыт берүү менен аларды өз алдынча даярданып үй тапшырманы аткартуу талабын коюшкандыгы маалым болду.

Бүгүнкү мектептерде окуучу балдардын табигый предметтерди өздөштүрүп окууга болгон кызыгуусу кандай абалда? - деген суроого берген мугалимдердин жообунун жыйынтыгы 6-таблицада берилди.

*6-таблица*

**Окуучулардын табигый предметтерди окууга болгон кызыгуусу**

| Берилген жооптордун мазмуну | Предметтик мугалимдер | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Физика** | **Химия** | **Биология** | **География** | **Жалпы** |
| Кызыккандар аз | 14 | 8 | 7 | 2 | 31 |
| Кызыккандар көп эле | 5 | 5 | 4 | 6 | 20 |
| Кызыккандар жыл өткөн сайын азайып баратат | 3 | 4 | 1 | - | 8 |
| Кызыккандар жыл өткөн сайын көбөйүп баратат | 1 | 1 | - | 2 | 4 |
| **Жалпысы:** | 23 | 18 | 12 | 10 | 63 |
| Кызыккандар аз болгондуктун пайызы | 60,8 | 44,4 | 58,3 | 20,0 | 49,2 |
| Жыл өткөн сайын кызыккандардын пайызы | 4,3 | 5,5 | - | 20,0 | 6,3 |

Бул суроо боюнча предметтик мугалимдердин жоопторунда көп айырмачылыктар болду. Физика предметинде аз кызыккандардын саны 60,8 пайызды, биология предметинде 58,3 пайызды, химия предметинде 44,4 пайызды түзүшсө, ал эми география предметинде ал көрсөткүч болгону 20 пайызды гана түзгөн. Мындай кескин айырмачылык эмне менен шартталганы абдан маанилүү болууда. Физика, химия жана биология сабагы демонстрациялык, тажрыйбалык иштер менен кеңири байланыштуу предмет экендигин билебиз. Ошондуктан азыркы учурда ал предметтерди окутуудагы приборлор, реактивдер жана башка керектүү куралдардын эскилиги жетип, колдонулбай, жаңылар менен камсыз болуусу солгундап кеткендиктен мугалимдер көбүнчө теориялык сабак берүүгө басым жасалып, ошону менен гана чектелип калып окуучулар үчүн сабак кызыктуу болбой жаткандай туюлат. Ал эми география сабагын эң керектүү болгон карталар, глобустар жетиштүү болуп мугалимдер аларды толук кандуу колдонуу менен ийгиликке жетип жатышкандыр деген ой-жоромолдоолор болууда.

Эгерде мугалимдердин иш аракетин окуучулардын өз алдынча табигый предметтерди өздөштүрүүгө карай бурган болсок, анда ага карата мугалимдердин ал иштерди канчалык деңгээлде чыныгы иш жүзүнө ашырууга боло турганынын божомолдоосун билүү максатында төртүнчү суроо берилген. *Сиздин оюңузча окуучулардын өз алдынчалуулугун кандай деңгээлге чейин өстүрүүгө болот деп ойлойсуз?* - деген суроо боюнча мугалимдердин жоопторунун жыйынтыгы 7-таблицада берилди.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*7-таблица*

**Окуучулардын өз алдынчалуулугун өстүрүү деңгээлинин божомолу**

| Берилген жооптордун мазмуну | Предметтик мугалимдер | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Физика** | **Химия** | **Биология** | **География** | **Жалпы** |
| Толук өз алдынчалыкка чейин. | 3 | 2 | 2 | 4 | 11 |
| Жарым- жартылай өстүрүү. | 6 | 5 | 3 | 3 | 17 |
| Кичине, анча-мынча гана өстүрүүгө болушу. | 8 | 7 | 5 | 2 | 22 |
| Өз алдынча өздөштүрүүсү мүмкүн эместиги. | 5 | 4 | 2 | 1 | 12 |
| Билбейм, жооп бере албайм. | 1 | - | - | - | 1 |
| **Жалпысы:** | 23 | 18 | 12 | 10 | 63 |
| ***Толук өз алдынчалыктын пайыздык катышы.*** | 13,0 | 11,1 | 16,6 | 40,0 | 17,5 |
| ***Жарым- жартылай өстүрүүнүн % катышы*** | 26,1 | 27,7 | 25,0 | 30,0 | 26,9 |

Сурамжылоого катышкан мугалимдердин божомолу боюнча окуучуларды сабак материалын өз алдынча өздөштүрүүдө *аларды* толук өз алдынчалыкка чейин жеткирүүгө болот деп ишеним кылгандардын орточо мааниси 17,5 пайызды түздү. Таблицадан көрүнгөндөй география мугалимдеринин божомолу кескин айырмаланды. Окуучулардын өз алдынчалуулугун жарым-жартылай өстүрүүгө болот деген пикир божомолдун орточо мааниси 26,9 пайызды түзүп, ал бардык предметтик мугалимдерин берген жоопторуна жакын мааниде болду. Ал эми окуучулардын сабак материалын өз алдынча өздөштүрүүсү мүмкүн эместигин карманган мугалимдер 19 пайызды түзүштү. Жарым жартылай деген ой-пикирди потенциалдуу деп эске алуу менен аны окуучуларды толук өз алдынчалыкка жеткирүүгө мүмкүн деп эсептесек, анда бул эки көрсөткүчтүн чогуу алганда ал 44,4 пайызды түздү. Демек негизинен окуучулардын өз алдынча окуу материалын өздөштүрүүгө карата ыктымалдуулук азырынча ошол деңгээлде болушу мүмкүн деген божомолду кармансак болот.

Бардык предметик мугалимдердин кандай иш аракеттердин негизинде окуучулардын окуу иштерин өз алдынча аткаруусун ишке ашырууга болот деген 5-суроого берген жоопторунун жыйынтыгы чыгарылып, жалпы орточо маанисинин боюнча рейтинг түрүндө жайгаштырылган маалымат 8-таблицада берилди. Физик мугалимдеринин көз карашы башка предметтик мугалимдердин көз карашы менен негизинен дал келгендигин таблицадан байкоого болот.

*8-таблица*

**Бардык предметтик мугалимдеринин 5-суроого берген жоопторунун орточо мааниси боюнча жайгашуусунун рейтинги.**

| Тасир этүүчү иш аракеттин аталышы | Предметтик мугалимдин орточо баасы | | | | Жалпы орточо |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Физика** | **Химия** | **Биология** | **География** | |
| Окутуунун оюн методдорун кеңири колдонуу менен. | **4,78** | **4,61** | **4,67** | **4,2** | **4,57** |
| Сабакта ар кандай логикалык суроо тапшырмаларды берип аны аткартуу менен. | **4,39** | **4,56** | 4,17 | **4,4** | **4,38** |
| Окуу китебинен окуу материалын окуучулардын өздөрү окуусун талап кылуу менен. | **4,17** | 3,94 | **4,58** | **4,3** | **4,25** |
| Окуучуну өзүнүн ой-пикирин ыраттуу баяндоого үйрөтүү менен. | 4,17 | **4,00** | 4,00 | **4,30** | **4,12** |
| Сабакта окуучуларды бири-бирине суроо бердиртүү аркылуу. | 3,91 | **4,00** | **4,33** | **4,20** | **4,11** |
| Интернет ресурстарынын ар кандай материалдарды таап келүүсүн талап кылуу менен. | 3,87 | **4,11** | 3,92 | **4,2** | 4,00 |
| Окуучулардын өз алдынча окуусуна багыт гана берип туруу менен. | **4,1** | 3.83 | **4,08** | 3,9 | 3,98 |
| Окуучуларга предметтик материалды өз алдынча окуу ыктарын үйрөтүү менен. | 3,7 | 3.9 | **4,17** | **4,00** | 3,94 |
| Окуучуларга жекече тапшырма берип, аны башка окуучулардын алдында презентация жасатуу менен. | 3,83 | 3.83 | 3.92 | **4,00** | 3,90 |
| Окуучулардын өздөрүнө класска сабак өткөртүү менен. | **4,39** | 3.5 | 3.67 | 3,7 | 3,82 |
| Окуучуларды жаңы материалды өз алдынча өздөштүрүүгө психологиялык жактан даярдоо менен. | 3,74 | 3.83 | 3.75 | 3,9 | 3,8 |

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуу материалын жакшы өддөштүргөн окуучуга жетишпеген окуучуга жардам берүүсүн талап кылуу менен. | 3,7 | 3,56 | 4,00 | 3,8 | 3,77 |
| Сабакта окуучуларды бири-бирине материалды түшүндүрүп берүү тапшырмаларын аткартуу менен. | 3,52 | 3.78 | 3.92 | 3,8 | 3,76 |
| Окуучуларды репетиторлукка үйрөтүү менен. | **4,17** | 3,34 | 3.67 | 3,5 | 3,67 |
| Окуучуларды репортёрлук кызматты аткартуу менен. | 3.74 | 3.5 | 3.83 | 3,6 | 3,67 |
| Окуучуларга берилген тапшырманы аткарууга талапты катуу кою менен. | 3,48 | 3,39 | 3,25 | 3,7 | 3,46 |
| Карточкалык тапшырмаларды берип аларды ар кандайча аткартуу менен. | 3,52 | 3,34 | 3,17 | 3,6 | 3,41 |
| Сабактан тышкаркы убакта жекече тапшырма берүү менен. | 3.57 | 3,11 | 3,17 | 3,3 | 3,29 |

Акыркы таблицадан көрүнгөндөй рейтингдин сап башында физика, химия жана биология предметтериндеги биринчи орунду ээлеген жана география предмети үчүн үчүнчү орунда турган «Окутуунун оюн методдорун кеңири колдонуу менен»-деген иш аракет ээледи. Экинчи орунга «Сабакта ар кандай логикалык суроо тапшырмаларды берип аны аткартуу менен» – деген иш аракет татыктуу болду. Үчүнчү катарды «Окуу китебинен окуу материалын окуучулардын өздөрү окуусун талап кылуу менен» – деген иш аракет жайгашты. Андан кийинки катарды «Окуучуну өзүнүн ой-пикирин ыраттуу баяндоого үйрөтүү менен», «Сабакта окуучуларды бири-бирине суроо бергизүү аркылуу» жана «Интернет ресурстарынын ар кандай материалдарды таап келүүсүн талап кылуу менен» - деген иш аракеттер белгиленди. Баса белгилей кетүүчү жагдай бул, салттуу окутууда маанилүү болуп кеңири колдонулуп жүргөн «Окуучуларга берилген тапшырманы аткарууга талапты катуу коюу менен», «Карточкалык тапшырмаларды берип аларды ар кандайча аткартуу менен» жана «Сабактан тышкаркы убакта жекече тапшырма берүү менен» - деген иш аракеттин бүгүнкү күндө мааниси төмөндөп баратканын баса белгилөөгө болот. Таблицадагы жыйынтыктан биз изилдөөнүн милдеттерин белгилеп, тактап алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук.

**Адабияттар:**


1. Курманкулов Ш.Ж., Жороева М.К. Окуучулардын өз алдынча сабак материалын өздөштүрүүгө карата шыктандыруучу кыймылдаткыч күчтөр. / Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана. № 2. - 2021. С. 224-228.
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты». - Бишкек. -2014.-32б.
3. Жуманазаров К.П, Калдыбаев С.К. Активдүүлүк заманбап окутуунун маанилүү фактору. / Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Атайын чыгарылыш. - Бишкек. - 2020. - 230-233б
4. Жунусакунова А.Д. Математиканы окутуу поцессинде маалыматтык технологияны колдонуу. / Известия вузов Кыргызстана, №10, - 2019. - С. 112-116
5. Мадмуратова З. Г. Жаңы технологияларды учурдун талабына ылайык сабакта колдонуунун жолдору. / Известия вузов Кыргызстана, №10, - 2019. - С. 117-121.